


© UNICEF/UN050570/MUKWAZHI

#KIDSTAKEOVERSCHOOLS

# Балдар үчүн маалымат

unicef

WORLD CHILDREN'S DAY

20 November 2017

Убагы келгенде сага добуш берүү укугу ыйгарыларын элестетчи. Ошол күнү сенин пикириңе кулак салып, айткан сөзүңдү түшүнүшөт. Ошол чакта сен бүт дүйнөгө кайрылууңду жарыя айта алам деп элестетчи.



20-ноябрда дүйнө жүзүндөгү бардык балдар башка балдардын өмүрүн сактап, өз укуктарын коргоо жана өз дареметин толугу менен ишке ашыруу үчүн ойлорун ачык айта алышат.

Сен бизге кошуласыңбы?



# Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө даярдануу

Бул күнү дүйнө жүзүндөгү бардык балдар төмөндөгүлөрдү колдоп үн кошот:

- алдын алуу толук мүмкүн болгон себептерден улам каза болуп жаткан 5 жашка чейинки ар бир баланы
- окуу мүмкүнчүлүгүнөн айрылган ар бир баланы
- зомбулуктан жана жакырчылыктан жабыркаган ар бир баланы
- чыр-чатак жана каатчылыкта жашаган ар бир баланы.

Сен ар бир бала үчүн мүмкүнчүлүк ача аласың. Мунун көптөгөн жолдору бар.

**СЕНИН ДОБУШУҢ КЕРЕК!**
Дүйнө жүзүндөгү балдар 20-ноябрда башка балдарды сактап калууну, өз укуктарын жана дареметин ишке ашырууну жактап үн кошот.

Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүн утурлай бир жума бою сен досторуң жана классташтарың менен бул иш-чараларга кантип катышып, эмнелерди айткың келерин, бул убакытты кантип жакшы өткөрүп, башка балдар үчүн сонун нерселерди жасоо жөнүндө сүйлөшүп көрсөң болот. Бул багытта чыгармачылыгыңды жана фантазияңды ишке сал.

Эгер сага эргүү жетишпей жатса, төмөндөгүдөй суроолорго кандай жооп берериңди ойлонуп көрчү:

1. Эгер сенин балдардын жашоосун жакшырткыдай сыйкырдуу жөндөмүң болсо, ал кандай болушун каалайт элең жана аны кандай колдонот элең?
2. Эгер сен дүйнөдөгү ар бир бала ээ болушу керек өзүң эсептегидей бир нерсени тандай алсаң, ал эмне болмок?



# #KidsTakeOverSchools деген эмне?

**#KidsTakeOverSchools** - бул сенин муунуң туш келген эң орчундуу маселелерди чагылдырууга көмөктөшүү мүмкүнчүлүгүн. Бул майрам күнү маанилүү маселелер талкууланат.

Сени төмөндөгү 4 иш чаранын **бирин же бир нечесин** тандасаң, же өзүң башка иш чара ойлоп тапсаң болот!

**Бүткүл дүйнөлүк балдар күнү** 20-ноябрда болорун унутпа. Убактыңды туура пайдалан. Чыгармачыл фантазияңды көрсөт. Өз позицияңды айткын да, мугалимдериң жана ата-энеңден социалдык желелерде сенин иш-чараларың жөнүндө төмөндөгүдөй хэштег менен жарыялашын өтүн: **#KidsTakeOverSchools**.

Эгер бул майрамды жакшы өткөрсөк, ар бир күн Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө айланат.






# №1 иш-аракет

**Балдар башкарууну өз колуна алышат**

Тегерете тургула же отургула. Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнүн символу болгон көк топту досторуңарга ыргыткыла.

Топту кармап алган бала эгер дүйнөнү башкаруу укугуна ээ болсо бардык балдар үчүн кандай өзгөрүүлөрдү жасай тургандыгын айтышы керек. Мисалы: «Мен ар бир балага жеткидей тамак-аш бермекмин» же «Мен ар бир балага үй бермекмин».

Балдарга эмне керектигин, зарыл нерселерден эмнелерге алар жетпей жүргөндүгүн, ошондой эле алардын мугалим силерге айткан айрым укуктарын унутпагыла. Баарыңар кезек менен оюңарды айтып бүтмөйүнчө оюнду уланта бергиле.

Эң жакшы ойлоруңарды кийин социалдык желелерде төмөнкү хэштег менен жарыялана турган аңгемеде, иллюстрацияда же клипте чагылдыргыла: **#KidsTakeOverSchools**.



#KIDSTAKEOVERSCHOOLS

# №2 иш-аракет



**Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата эмотикон ойлоп тап**

Фантазияң менен каалагандай чабытта! Бүткүл дүйнөлүк балдар күнү бүт дүйнөдөгү балдар башка балдардын өмүрүн сактап, өз укуктарын коргоо жана балдардын дареметин толук жүзөгө ашырышына жардамдашуу үчүн биригишет.

Эгер сен **келерки жылдагы** Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүндөгү иш-чараларга катышууга досуңду чакыруу үчүн эмотикон ойлоп табууну чечсең, эмоцияңды билдирүүчү ал сүрөт кандай болушу мүмкүн?

Аны ушул жерге тарт. Тартып бүткөн соң сүрөттү социалдык желелерге төмөндөгүдөй хэштег менен жарыялап коюшу үчүн ата-энеңден же мугалимиңден өтүн: **#KidsTakeOverSchools**.

Балким сен тарткан эмотиконду келерки жылга тандап алышар!

# №3 иш-аракет



## Балдарды колдоп, бийле

Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө бир нече күн калганда биз атайын балдарга ылайыкталган кыймыл-аракеттер менен коштолуучу клипти чыгарабыз. Аларды аткарууну үйрөнүш үчүн чакан видео-нускаманы көчүрүп алсаң болот. Ушул көңүлдүү фитнеске катыш. Чыгармачыл фантазияңды көрсөтүп, бий аткаруу жайын танда – класс, жыйын залы, спорт зал, ашкана же мектептин короосу ылайык келеби?

Ата-энеңерден же мугалимиңерден уруксат сурап, бийди видеого тарткыла да, социалдык желелерге төмөндөгүдөй хэштег менен жарыялагыла: **#KidsTakeOverSchools**. Балким, силердин видеону Бүткүл дүйнөлүк балдар күнү глобалдуу фильмге камтышаар!







# №4 иш-аракет




**Мектепте каражат чогултуу**

Мектебиңдеги окуучулар менен бирге Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата дүйнөдөгү башка балдарга жардам берүү үчүн каражат чогултууга демилге көтөрсөңөр болот. Бул укмуштай иш болот!

Бул үчүн бир нече идея:

**Өзгөрүүлөрдүн башаты** – күнүмдүк майда акчадан артканын чогултуп, Башка балдар үчүн өзгөрүү күнүн өткөрсөңөр болот.

**Кайрымдуулук жарманкеси** – мугалимдер, ата-энелер жана мектеп окуучуларына таттуу азыктар жарманкесин уюштурсаңар болот.

**Баланын укуктарын колдоо максатында дискотека** – бүт дүйнөдөн түркүн ырлардан плейлист жасап, бийге келүүчүлөрдөн чакан өлчөмдө кирүү акысын алсаңар болот.

**Спорт күнү** — ойноо укугу Баланы укуктары жөнүндөгү конвенцияда бар экендигин билчү белең? Каражат чогултуу ишин мектепте өткөрүлүүчү спорт күнү менен айкалыштыр. Окуучулардан жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнөн спорттук иш-чарага кирүү акысы катары чакан өлчөмдө төлөм алгыла. Ар түрдүү азыктарды шам-шум убагында арзан сатса да болот.

**Таланттар убагы** – бийлегиле, ырдагыла, башка таланттарыңарды да көрсөткүлө. Бүткүл дүйнөлүк балдар күнү – бул балдар сахнага чыга турган күн. Белет саткыла.

Фантазияңа эркиндик берип, идеяларыңды ишкер ашыр. Каражат чогултуп бүткөндө, топтолгон акчаны ЮНИСЕФке бүт дүйнөдөгү балдарды колдоо максатында өткөрүп бериши үчүн ата-энеңден же мугалимиңден өтүн.



## Эмне үчүн дал ушул 20-ноябрда?

Эмне үчүн мунун баарын дал ушул күнү жасашың керектигин түшүнүүгө тийишсиң. Бул өзгөчө туулган күнгө байланышкан. 20-ноябрь – БУУнун Башкы ассамблеясы Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө конвенцияны кабыл алган күн.

Бул укуктар жөнүндөгү келишимди дүйнө жүзүндө баары таанышат. Конвенцияга баланын жашоосунун бардык жактары камтылган.

Сен Балдардын укуктары жөнүндөгү конвенцияны ушул жерден окуп көрсөң болот. Анын 12-беренеси оюңду угуза айтуу укугуңа арналган.

Ошондуктан башкалардын айтканын угуп, өз оюңду да айт! Сен өзүң үчүн мааниси бар маселелер боюнча пикир айтканга укуктуусуң. Сен дүйнөдөгү үнү угулбай жаткан башка көп балдардын атынан да ой айтып, иш-аракет жасоого укуктуусуң.

**#KidsTakeOverSchools** демилгесинин өзөгүндө мына ушул максат бар.

Сен **Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө** даярсыңбы? Бул сенин күнүң! Аны өзүңдүн күнүң кылып ал.



#KIDSTAKEOVERSCHOOLS

# Сенин сунуш-пикириң

**Copyrights**
Page 2 © UNICEF/UN069047/Hatcher-Moore Page 3 © UNICEF/UN043870/Lister Page 4 © UNICEF/UN071742/Brown © UNICEF/UN074462/Lister Page 5 © UNICEF/UN040635/miljanic +382 © UNICEF/UN050019/Maloletka
Page 6 © UNICEF/UN027620/Gonzalez Farr Page 7 © UNICEF/UN044043/Nesbitt © UNICEF/UNI161998/Holt © UNICEF/Ueslei Marcelino © UNICEF/NYHQ2011-2000/LeMoyne Page 8 © UNICEF/UN033677/Arcos
Page 9 © UNICEF/UN040654 © UNICEF/UN069047/Hatcher-Moore

unicef

WORLD CHILDREN'S DAY

20 November 2017

#KIDSTAKEOVERSCHOOLS